# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН ТОКТОМУ

*Бишкек шаары, 2019-жылдын 13-сентябры № 474*

## 2019-2021-жылдарга Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча иш-чаралар планын бекитүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2012-жылдын 2-февралындагы № 26 "Кыргыз Республикасынын антикоррупциялык саясатынын Мамлекеттик стратегиясы жана коррупцияга каршы туруу боюнча чаралар жөнүндө" Жарлыгын ишке ашыруу, коррупцияга каршы аракеттенүү институттарын андан ары чыңдоо, коррупциянын түпкү себептерин жоюуда системалуулукту киргизүү, коррупцияга каршы аракеттенүү чөйрөсүндө мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, жарандык коом институттарынын жана жарандардын күч-аракеттерин бириктирүү максатында, "Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 10 жана 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Өкмөтү токтом кылат:

1. 2019-2021-жылдарга Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча иш-чаралар планы (мындан ары - План) тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Министрликтер, мамлекеттик комитеттер, административдик ведомстволор жана башка мамлекеттик органдар (макулдашуу боюнча), жергиликтүү мамлекеттик администрациялар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары (макулдашуу боюнча):

- Планды белгиленген мөөнөттөрдө талаптагыдай аткаруу боюнча зарыл болгон чараларды көрүшсүн;

- квартал сайын, отчеттук мезгилден кийинки айдын 10уна чейин Планды жана коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча ведомстволук иш-чаралар пландарын аткаруу жөнүндө маалыматты Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратына берип турушсун;

- Планды Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетинде каралган каражаттардын чегинде ишке ашырышсын.

3. Ушул токтомдун аткарылышы үчүн жеке жоопкерчилик мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жетекчилерине жүктөлсүн.

4. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын коргоо, укуктук тартип жана өзгөчө кырдаалдар бөлүмү:

- коррупциянын алдын алуу маселелери боюнча ыйгарым укуктуулар менен бирге аракеттешүү аркылуу коррупцияга каршы саясатты ишке ашыруу жана Планды аткаруу маселелери боюнча мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин уюштурууну жана координациялоону камсыз кылсын;

- ар бир жарым жылдыктын жыйынтыгы боюнча белгиленген тартипте Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө коррупцияга каршы саясатты жана Планды ишке ашыруунун жүрүшү жөнүндө жыйынды отчетту Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жыйындарында карoo үчүн берип турсун.

5. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 30-мартындагы № 170 "2015-2017-жылдарга Кыргыз Республикасынын коррупцияга каршы саясатынын мамлекеттик стратегиясын аткаруу боюнча Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын иш-чараларынын планын бекитүү жөнүндө" токтому күчүн жоготту деп таанылсын.

6. Ушул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын коргоо, укуктук тартип жана өзгөчө кырдаалдар бөлүмүнө жүктөлсүн.

7. Ушул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

*"Эркин Тоо" газетасынын 2019-жылдын 20-сентябрындагы N 79 жарыяланды*

**Кыргыз Республикасынын**
**Премьер-министри** **М.Абылгазиев**

Тиркеме

# 2019-2021-жылдарга Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча ИШ-ЧАРАЛАР ПЛАНЫ

| № | Милдеттер | Иш-чаралар/иш-аракеттер | Ишке ашыруу мөөнөтү | Күтүлгүүчү натыйжалар/индикаторлор | Жоопту аткаруучу/кошо аткаруучулар |
|---|---|---|---|---|---|
| **1-глава. Коррупцияга каршы саясат** | | | | | |
| 1 | Коррупцияга каршы мыйзамдарды өркүндөтүү | 1. Колдонуудагы мыйзамдардын натыйжалуулугуна талдоо жүргүзүү жана аларды "Коррупцияга каршы аракеттенүү жөнүндө", "Кызыкчылыктардын кагылышуусу жөнүндө", "Коррупциялык укук бузуулар тууралуу билдирген адамдарды коргоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына шайкеш келтирүү. | Январь, 2020-жыл | Кыргыз Республикасынын коррупцияга каршы системасын жаңылоо. Бийликтин бардык бутактарынын жана мамлекеттик органдардын өз ара аракеттенүүсүнүн так тартибин регламенттөөчү жөнгө салынган коррупцияга каршы механизм ишке киргизилди | КР ӨА, КР КК катчылыгы (макулдашуу боюнча), Башпрокуратура (макулдашуу боюнча) |
| | | 2. "Коррупцияга каршы аракеттенүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын жаңы редакциядагы долбоорун иштеп чыгуу жана жүргүзүлгөн талдоонун негизинде Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларына тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүү. | Февраль, 2020-жыл | | |
| | | 3. Кыргыз Республикасынын Жогорку | Июнь, 2020-жыл | | КР ӨА |

| № | Милдеттер | Иш-чаралар/иш-аракеттер | Ишке ашыруу мөөнөтү | Күтүлүүчү натыйжалар/индикаторлор | Жооптуу аткаруучу/кошо аткаруучулар |
|---|---|---|---|---|---|
| | | Кеңешинин кароосуна "Коррупцияга каршы аракеттенүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын жаңы редакциядагы долбоорун киргизүү | | | |
| 2 | Коррупцияга каршы улуттук саясатты институтташтыруу | Төмөнкү функцияларга (укук коргоо функцияларынан тышкары) ээ өзүнчө мамлекеттик органды түзүү (же аныктоо) мүмкүндүгүн кароо:<br>- мамлекеттин коррупцияга каршы саясатын иштеп чыгуу;<br>- превентивдик жана алдын алуучу коррупцияга каршы чараларды иштеп чыгуу жана ишке киргизүү;<br>- коррупцияга каршы аракеттенүү чөйрөсүндөгү мамлекеттик институттарды координациялоо;<br>- талдоонун негизинде коррупциялык тобокелдерди аныктоо жана алдын алуу;<br>- мамлекеттик органдар жана коомчулук менен өз ара аракеттенүү;<br>- коррупциянын деңгээлине/абалы | Декабрь, 2019-жыл | Коррупцияга каршы органды түзүүнүн максатка ылайыктуулугуна жана практикалык натыйжалуулугуна талдоо жүргүзүлдү.<br>Жүргүзүлгөн талдоонун негизинде коррупцияга каршы органды түзүү же болбосо ыйгарым укуктуу мамлекеттик органды аныктоо жөнүндө чечим кабыл алынды | КР ӨА,<br>КР КК катчылыгы (макулдашуу боюнча) |

| № | Милдеттер | Иш-чаралар/иш-аракеттер | Ишке ашыруу мөөнөтү | Күтүлүүчү натыйжалар/индикаторлор | Жооптуу аткаруучу/кошо аткаруучулар |
|---|---|---|---|---|---|
| | | на жалпы мамлекеттик баалоо жүргүзүү;<br>- коррупцияга каршы пропагандалоону уюштуруу жана өткөрүү;<br>- мамлекеттик органдар тарабынан коррупцияга каршы иш-чаралардын ишке ашырылышына мониторинг жүргүзүүнү, талдоону жана баалоону уюштуруу жана жүргүзүү;<br>- коррупцияга каршы пландарды жана коррупцияга каршы аракеттенүү чөйрөсүндөгү ченемдик укуктук актыларды тиешелүү түрдө же өз убагында аткарбагандыгы үчүн мамлекеттик органдардын жетекчилерин, мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларды тартиптик жоопкерчиликке тартуу жөнүндө сунуштарды киргизүү;<br>- коррупцияга каршы аракеттенүү чөйрөсүндө чет элдик өнөктөштөр жана эл аралык уюмдар менен өз ара аракеттенүү; | | | |

| № | Милдеттер | Иш-чаралар/иш-аракеттер | Ишке ашыруу мөөнөтү | Күтүлгүчү натыйжалар/индикатолор | Жооптуу аткаруучу/кошо аткаруучулар |
|---|---|---|---|---|---|
| | | - коррупцияга каршы аракеттенүү чөйрөсүндө илимий-изилдөөчүлүк жана маалыматтык-аналитикалык ишти уюштуруу;<br>- мамлекеттик кызматчыларга жана коомчулукка коррупцияга каршы билим берүүнү жана агартууну уюштуруу | | | |
| 3 | Эл аралык коррупцияга каршы ченемдерди имплементациялоо | 1. Кыргыз Республикасынын Европа Кеңешинин Коррупция менен күрөшкөн өлкөлөрүнүн тобуна (ГРЕКО) кирүү жана Европа Кеңешинин Коррупция үчүн жазык жоопкерчилиги жөнүндө конвенциясын ратификациялоо мүмкүнчүлүгү жөнүндө маселелерди изилдөө боюнча ишти улантуу.<br>2. Кыргыз Республикасынын БУУнун Коррупцияга каршы конвенциясынын ишке ашырылышынын жүрүшүнө сереп салуу механизмине 2-циклдин алкагында толук кандуу катышуусун камсыз кылуу жана сереп жүргүзүүнүн жыйынтыктары боюнча БУУнун Баңгизаттар жана кылмыштуулук | Декабрь, 2021-жыл<br>Декабрь, 2021-жыл | Кыргыз Республикасынын Европа Кеңешинин Коррупция менен күрөшкөн өлкөлөрүнүн тобуна (ГРЕКО) кирүү жана Европа Кеңешинин Коррупция үчүн жазык жоопкерчилиги жөнүндө конвенциясын ратификациялоо мүмкүнчүлүгүнө толук талдоо жүргүзүлдү, анын ичинен мүмкүн болгон сунуштарга жана аларды ишке ашырууга талдоо жүргүзүлдү.<br>Талдоонун жыйынтыктары кызыкдар мамлекеттик органдар менен талкууланды.<br>Тиешелүү чечим кабыл алынды.<br>БУУнун Коррупцияга каршы конвенциясына сереп жүргүзүүсүнө өлкөнүн катышуусу жана алынган сунуштар ишке ашырылды | Башпрокуратура (макулдашуу боюнча), ТИМ, ЮМ<br>Башпрокуратура (макулдашуу боюнча), министрликтер жана ведомстволор |

| № | Милдеттер | Иш-чаралар/иш-аракеттер | Ишке ашыруу мөөнөтү | Күтүлүүчү натыйжалар/индикаторлор | Жооптуу аткаруучу/кошо аткаруучулар |
|---|---|---|---|---|---|
| | | боюнча башкармалыгынын Катчылыгынан, ошондой эле чет мамлекеттердин (сереп жүргүзгөн мамлекеттердин) өкмөттүк эксперттеринен алынган сунуштарды андан ары алардын учурдагы керектөөрдү жана мамлекеттик кызыкчылыктарды эске алуу менен Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына имплементациялоо бөлүгүндө талдоо | | | |
| 4 | Коррупцияга каршы саясатты иштеп чыгууга жана ишке ашырууга багытталган жарандык демилгелерди ишке ашыруу | 1. Коррупцияга каршы саясат чөйрөсүндөгү ченемдик укуктук актыларды, стратегияларды жана программаларды иштеп чыгууга жана алардын ишке ашырылышына мониторинг жүргүзүүгө жарандык коомдун кеңири жана ачык катышуусун камсыз кылуу. | Дайыма | | Министрликтер жана ведомстволор |
| | | 2. Мониторингдин жыйынтыктарын үзгүлтүксүз коомдук угууларды/талкууларды өткөрүү. | Дайыма | | |
| | | 3. Жарандык демилгелерди натыйжалуу кароо боюнча кайра байланыштын жол-жоболорун иштеп чыгуу жана мамлекеттик органдарда киргизүү. | Декабрь, 2019-жыл | | КР ӨА, КР КК катчылыгы (макулдашуу боюнча) |

| № | Милдеттер | Иш-чаралар/иш-аракеттер | Ишке ашыруу мөөнөтү | Күтүлүүчү натыйжалар/индикаторлор | Жооптуу аткаруучу/кошо аткаруучулар |
|---|---|---|---|---|---|
| | | 4. Коррупцияга каршы саясатты иштеп чыгууда жана анын ишке ашырылышына мониторинг жүргүзүүдө бизнес-ассоциацияларды сурамжылоонун маалыматтарын жана сунуштарын, ошондой эле бизнес үчүн диалогдук аянтчаларды пайдалануу. | Дайыма | | |
| | | 5. 2018-2020-жылдары Кыргыз Республикасында Ачык Өкмөттү куруу боюнча биринчи Улуттук иш-аракеттер планынын милдеттенмелерин ишке ашыруу | Декабрь, 2020-жыл | | Министрликтер жана ведомстволор, КР ӨА |
| 5 | Коррупцияга каршы билим берүүнү, агартууну жана пропагандалоону өркүндөтүү | 1. Коррупцияга каршы билим берүү, агартуу жана пропагандалоо боюнча комплекстүү окуу программаларын, окуу-методикалык адабияттарды иштеп чыгуу жана бекитүү, анын ичинен жогорку, орто окуу жайларынын жана мектепке чейинки мекемелердин окуучулары үчүн да. | Декабрь, 2019-жыл | | БИМ, КМЮА, ЮМ, Кадр кызматы, КР Президентине караштуу МБА (макулдашуу боюнча), |
| | | 2. Коррупцияга каршы билим берүү жана агартуу боюнча иш-чаралардын натыйжалуулугун баалоо методикасын/колдонмону иштеп чыгуу жана бекитүү. | Февраль, 2019-жыл | | КР ӨА ЮМ |

| № | Милдеттер | Иш-чаралар/иш-аракеттер | Ишке ашыруу мөөнөтү | Күтүлүүчү натыйжалар/индикаторлор | Жооптуу аткаруучу/кошо аткаруучулар |
|---|---|---|---|---|---|
| | | 3. Сапаттуу коррупцияга каршы билим берүүнү, агартууну жана пропагандалоону камсыз кылуу. | Дайыма | | ЮМ, БИМ |
| | | 4. Мамлекеттик заказдын алкагында коррупцияга каршы окутуунун натыйжалуулугун баалоо. | Мамлекеттик заказды ишке ашырууга жараша | | Кадр кызматы жана КР Президентине караштуу МБА (макулдашуу боюнча), БИМ |
| 6 | Эл аралык стандарттарга ылайык маалыматтарга жетүү жөнүндө мыйзамдарды реформалоо | 1. Маалыматтарга жетүү чөйрөсүндө эл аралык тажрыйбага талдоо жүргүзүү.<br>2. Маалыматтарга жетүү жөнүндө мыйзамдардын сакталышына мониторинг жүргүзүү, анын негизинде мыкты эл аралык практиканы эске алып тыянактар жана сунуштар менен талдоо даярдоо.<br>3. Жүргүзүлгөн талдоонун негизинде ченемдик укуктук актылардын тиешелүү долбоорлорун иштеп чыгуу жана демилгелөө.<br>4. Маалыматтарды алып жүрүүчүлөрдү маалыматтарга жетүү укугун сактоо маселелери боюнча окутуу, ошол укукту ишке ашыруунун механизмдери жөнүндө калк үчүн маалыматтык | Декабрь, 2019-жыл<br>Декабрь, 2019-жыл<br>Март, 2020-жыл<br>Октябрь, 2019-жыл | Эл аралык стандарттарга ылайык маалыматтарга жетүү жөнүндө улуттук мыйзамдар жаңыланды.<br>Маалыматтарды алып жүрүүчүлөр окутулду.<br>Маалыматтарды берүү жөнүндө калктын аткарылган суроо-талаптарынын, ошондой эле жетүү мүмкүнчүлүгүн чектөө грифи алынып салынган документтердин саны көбөйдү.<br>Калктын суроо-талаптары боюнча маалыматтарды берүү жөнүндө статистикалык маалыматтардын мамлекеттик органдар тарабынан жарыяланышы | ММТМ, МТБМК, УКМК, министрликтер жана ведомстволор |

| № | Милдеттер | Иш-чаралар/иш-аракеттер | Ишке ашыруу мөөнөтү | Күтүлүүчү натыйжалар/индикаторлор | Жооптуу аткаруучу/кошо аткаруучулар |
|---|---|---|---|---|---|
| | | кампанияларды өткөрүү. | | | |
| | | 5. Жетүү мүмкүнчүлүгү чектелген документтерди (анын ичинде "Кызматтык пайдалануу үчүн" грифиндеги) инвентаризациялоо жана жетүү мүмкүнчүлүгүн чектөө зарылдыгы жок болгон же актуалдуу эмес документтерден мындай грифтерди алып салуу боюнча сунуштарды киргизүү. | Дайыма | | Министрликтер жана ведомстволор |
| | | 6. Маалыматтарга суроо-талаптарды эсепке алууну жана каралып чыккан суроо-талаптар, алардын жыйынтыктары боюнча мындай статистиканы мамлекеттик органдардын ведомстволук сайттарына жарыялоону камсыз кылуу | Дайыма | | |
| 7 | Электрондук өкмөткө өтүү | 1. Ачык маалыматтар улуттук порталынын иштешин камсыз кылуу (ачык маалыматтарды интернетке жарыялоонун стандарттарын жана эрежелерин иштеп чыгуу, аларды эркин кайра пайдалануу үчүн эрежелерди, маалыматтардын милдеттүү топтомдорунун минималдык тизмесин | Декабрь, 2021-жыл | | МТБМК, министрликтер жана ведомстволор |

| № | Милдеттер | Иш-чаралар/иш-аракеттер | Ишке ашыруу мөөнөтү | Күтүлүүчү натыйжалар/индикаторлор | Жооптуу аткаруучу/кошо аткаруучулар |
|---|---|---|---|---|---|
| | | белгилөө). | | | |
| | | 2. Мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдү алууда коррупциялык тобокелдерди азайтуу максатында "электрондук өкмөттүн" заманбап инструменттерин ишке киргизүү. | Декабрь, 2021-жыл | | МТБМК |
| | | 3. Электрондук кызмат көрсөтүүлөрдүн мамлекеттик порталын ишке киргизүү. | Декабрь, 2021-жыл | | |
| | | 4. Бардык тартылган мамлекеттик органдардын толук кошулушун камсыздоо менен, "Түндүк" ведомстволор аралык электрондук өз ара аракеттенүү системасын ишке киргизүүнү аяктоо. | Декабрь, 2021-жыл | | МТБМК, министрликтер жана ведомстволор |
| | | 5. Мамлекеттик электрондук төлөмдөр (төлөм шлюзу) системасын толуктап иштеп чыгуу жана коштоону камсыз кылуу, мамлекеттик жана муниципалдык кызматтарды электрондук түрдө көрсөтүү үчүн акы төлөө механизмин ишке киргизүү | Декабрь, 2021-жыл | | |
| 8 | Мамлекеттик башкаруу системасындагы коррупцияны өлчөө боюнча | 1. Эл аралык индекстерди эске алуу менен мамлекеттик органдардагы коррупцияны өлчөө боюнча | Декабрь, 2019-жыл | Даярдалган методологиянын негизинде мамлекеттик органдардагы коррупциянын деңгээлин аныктоо | УСИИ, КР ӨА, КР КК катчылыгы (макулдашу |

| № | Милдеттер | Иш-чаралар/иш-аракеттер | Ишке ашыруу мөөнөтү | Күтүлүүчү натыйжалар/индикаторлор | Жооптуу аткаруучу/кошо аткаруучулар |
|---|---|---|---|---|---|
| | методологиялык негизди түзүү | улуттук методологияны иштеп чыгуу.<br>2. Иштелип чыккан методологиянын негизинде коррупциянын деңгээлин баалоо боюнча пилоттук изилдөө жүргүзүү.<br>3. Пилоттук изилдөөнүн жыйынтыктарын эске алуу менен коррупцияны өлчөө боюнча методологияны толуктап иштеп чыгуу.<br>4. Мамлекеттик органдардагы коррупциянын деңгээлин аныктоо боюнча изилдөө жүргүзүү | Январь, 2020-жыл<br>Март, 2020-жыл<br>Апрель, 2020-жыл | | у боюнча), Улутстатком (макулдашуу боюнча), министрликтер жана ведомстволор<br>УСИИ, министрликтер жана ведомстволор |
| 9 | Коррупциянын алдын алуунун жана мамлекеттик органдарда антикоррупциялык ишке көзөмөл жүргүзүүнүн иштеги механизмдерин өркүндөтүү | 1. Коррупциянын алдын алуу маселелери боюнча ыйгарым укуктуу кызматкерди жумушка кабыл алуунун жана жумуштан бошотуунун атайын регламентин иштеп чыгуу жана колдонууга киргизүү.<br>2. Коррупциянын алдын-алуу маселелери боюнча ыйгарым укуктуу кызматкердин функцияларын жана милдеттерин кайра карап чыгуу.<br>3. Коррупциянын алдын алуу маселелери боюнча ыйгарым укуктуу кызматкердин | Январь, 2020-жыл<br>Июнь, 2020-жыл<br>Июнь, 2020-жыл | Коррупцияга каршы аракеттенүү маселелери боюнча ыйгарым укуктуу кызматкердин көз карандысыз статусун бекемдөө.<br>Коррупцияга каршы аракеттенүү маселелери боюнча ыйгарым укуктуу кызматкердин функциялары жана милдеттери унификацияланды.<br>Коррупциянын алдын алуу жаатында иштөөгө жогорку квалификациялуу кадрларды тартуу үчүн шарттарды түзүү жана кадрлардын келип-кетүүсүнүн алдын-алуу | КР ӨА, министрликтер-деги жана ведомстволордогу коррупциянын алдын алуу маселелери боюнча ыйгарым укуктуу кызматкерлер, Кадр кызматы (макулдашуу боюнча) |

| № | Милдеттер | Иш-чаралар/иш-аракеттер | Ишке ашыруу мөөнөтү | Күтүлүүчү натыйжалар/индикаторлор | Жооптуу аткаруучу/кошо аткаруучулар |
|---|---|---|---|---|---|
| | | ишин стимулдаштыруунун механизмдерин киргизүү | | | |
| 10 | Жарандардын антикоррупциялык аң-сезимин калыптандыруу жана жогорулатуу | 1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 14-мартындагы № 122 токтому менен бекитилген 2016-2020-жылдарга Кыргыз Республикасынын калкынын укуктук маданиятын көтөрүү концепциясына толуктоолорду киргизүү | Январь, 2020-жыл | Кыргыз Республикасынын калкынын укуктук маданиятын көтөрүү концепциясына коррупцияга каршы аракеттенүү жаатында кошумчалар киргизилди.<br>Калк арасында коррупциянын алдын алуу маселелери боюнча билимдерди кеңейтүү жана жайылтуу иш-чаралары туруктуу негизде өткөрүлүүдө | ЮМ |
| **2-глава. Мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызмат** | | | | | |
| 11 | Статс-катчылар институтун өркүндөтүү | 1. Статс-катчылардын милдеттерине, функцияларына жана ишине талдоо жүргүзүү. | Ноябрь, 2019-жыл | Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына статс-катчылардын функцияларын так регламенттөөгө багытталган, өзгөртүүлөр киргизилет.<br>Статс-катчылардын ички/ локалдык ченемдер менен аныкталган, бирок Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актыларындакаралбаган айрым функциялары алынып салынды | Кадр кызматы (макулдашуу боюнча) |
| | | 2. Жүргүзүлгөн талдоонун негизинде иштелип чыгып жаткан 2019-2023-жылдарга карата мамлекеттик жарандык кызматты жана муниципалдык кызматты өнүктүрүү стратегиясынын долбооруна статс-катчылар институтун өркүндөтүү маселесин кошуу. | Июнь, 2020-жыл | | Кадр кызматы (макулдашуу боюнча) |
| | | 3. Статс-катчылардын функцияларынын ички/локалдык ченемдер менен аныкталган, бирок Кыргыз Республикасынын | Декабрь, 2019-жыл | | Министрликтер жана ведомстволор |

| № | Милдеттер | Иш-чаралар/иш-аракеттер | Ишке ашыруу мөөнөтү | Күтүлүүчү натыйжалар/индикаторлор | Жооптуу аткаруучу/кошо аткаруучулар |
|---|---|---|---|---|---|
| | | ченемдик-укуктук актыларында каралбаган бөлүгүн жокко чыгаруу | | | |
| 12 | Мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу | 1. Мамлекеттик жана муниципалдык кызматка кирүү үчүн тестирлөө системасын Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын гана билүүдөн мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлердин интеллектуалдык жөндөмдөрүн жана логикалык ой жүгүртүүсүн баалоого карата кайра багыттоо.<br>2. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызматкерлерин ротация жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө жобого бир түзүмдө 10 жылдан ашык убакыт бир эле мамлекеттик же муниципалдык кызмат орунду ээлеген мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызматкерлерди милдеттүү ротациялоо жөнүндө ченемди киргизүү | Декабрь, 2020-жыл | Тестирлөө системасына кызмат орунга талапкерлерди тажрыйбасы жана ой жүгүртүү деңгээли боюнча баалоого мүмкүндүк берүүчү суроолор кошулду.<br>Бир түзүмдө бир кызмат орунду 10 жылдан ашык убакыт ээлеген адамдарды ротациялоо жөнүндө ченем киргизилди | Кадр кызматы (макулдашуу боюнча), министрликтер жана ведомстволор |
| 13 | Мамлекеттик жана муниципалдык кызматтагы кызыкчылыкт | 1. "Кызыкчылыктардын кагылышуусу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамын ишке | Декабрь, 2019-жыл | Кызыкчылыктардын кагылышын башкаруунун механизмдери иштелип | КР ӨА,<br>Кадр кызматы (макулдашуу боюнча) |

| № | Милдеттер | Иш-чаралар/иш-аракеттер | Ишке ашыруу мөөнөтү | Күтүлүүчү натыйжалар/индикаторлор | Жооптуу аткаруучу/кошо аткаруучулар |
|---|---|---|---|---|---|
| | ардын кагылышын баалоонун жана жөнгө салуунун мыйзамдык жана институттук негиздерин киргизүү | ашыруу үчүн керектүү мыйзам алдындагы актыларды кабыл алуу.<br>2. Мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызматкерлерди кызыкчылыктардын кагылышынын алдын алуу, аныктоо жана жөнгө салуу жана жеке кызыкчылыктардын декларациясын толтуруу маселелери боюнча дайыма окутуу | Дайыма | чыкты жана киргизилди.<br>Мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызматта кызыкчылыктардын кагылышы жаралган кырдаалдар жокко чыгарылды/минималдаштырылды.<br>Бардык мамлекеттик жана муниципалдык кызматчылар кызыкчылыктардын кагылышы болуучу учурлардын алдын алуу, жөнгө салуу жана башкаруу боюнча окутуудан өтүштү.<br>Мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматчылары тарабынан милдеттүү тартипте жыл сайын жеке кызыкчылыктар тууралуу декларация тапшырылат | Кадр кызматы (макулдашуу боюнча),<br>министрликтер жана ведомстволор |
| 14 | Мамлекеттик жана муниципалдык кызматта ак ниеттүүлүктү камсыздоо | 1. Мамлекеттик жана муниципалдык кызматты өркүндөтүү максатында антикоррупциялык стандарттарды жана ак ниеттүүлүк принциптерин киргизүү жаатында мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызматчылардын этикасы кодексин жаңыртуу.<br>2. Жалпыга маалымдоо каражаттарында мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызматчылардын | Январь, 2019-жыл<br><br>Март, 2020-жыл | Этика кодекси жаңыланды.<br>Мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызматчылардын этикалык ченемдеринин жана ак ниеттүүлүк принциптеринин деңгээли жогорулатылды, ошол ченемдерди бузгандык үчүн тартиптик жоопкерчилик күчөтүлдү.<br>Бардык мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызматчылар жумушка кирүүдө ант беришет.<br>Этикалык ченемдерди | Кадр кызматы (макулдашуу боюнча) |

| № | Милдеттер | Иш-чаралар/иш-аракеттер | Ишке ашыруу мөөнөтү | Күтүлүүчү натыйжалар/индикаторлор | Жооптуу аткаруучу/кошо аткаруучулар |
|---|---|---|---|---|---|
| | | этика кодекси тууралуу маалыматтарды кеңири чагылдырууну уюштуруу, мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызматчылардын арасында мамлекеттик жарандык кызматка жана муниципалдык кызматка кирүүдө жазуу жүзүндө да, ошондой эле оозеки түрдө да ант берүү практикасын милдеттүү киргизүү менен этика кодексинин беделин жогорулатууну камсыз кылуу. | | бузган ар бир учур милдеттүү түрдө этика боюнча комиссия тарабынан мамлекеттик органдардын коомдук кеңештеринин өкүлдөрүн же жарандык коомдун башка өкүлдөрүн тартуу менен каралат. Жыл сайын мамлекеттик жана муниципалдык кызматчылардын 30% кем эмес бөлүгү этикалык ченемдерди сактоо маселелери боюнча окуудан өтүшөт. | |
| | | 3. Этикалык ченемдерди сактоо маселелери боюнча мамлекеттик кызматкерлерди дайыма окутууларды өткөрүү. | Мамлекеттик заказдын алкагында | Окуудан өткөн мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлердин саны көбөйдү. Мамлекеттик жана муниципалдык кызматчылар тарабынан этикалык ченемдерди бузуулардын саны азайды. Кылмыш жоопкерчилигине негизсиз тартуу фактыларынын саны азайтылды. | Министрликтер жана ведомстволор, Кадр кызматы (макулдашуу боюнча) |
| | | 4. Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актыларына жарандардын алдында, аларды негизсиз кылмыш жоопкерчилигине тартуу орун алган учурларда, көрүлгөн чараларды көрсөтүү менен расмий эл алдында кечирим суроонун милдеттүүлүгүн караган | Июнь, 2020-жыл | Коррупциянын алдын алуу маселелери боюнча ыйгарым укуктуу кызматкерлер этика боюнча комиссиянын курамына кошулду | ИИМ, УКМК, ЭККМК, ЖАМК, МБК, Башпрокуратура (макулдашуу боюнча) |

| № | Милдеттер | Иш-чаралар/иш-аракеттер | Ишке ашыруу мөөнөтү | Күтүлүүчү натыйжалар/индикаторлор | Жооптуу аткаруучу/кошо аткаруучулар |
|---|---|---|---|---|---|
| | | өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду кийирүү.<br>5. Этика боюнча комиссиянын коррупциянын алдын-алуу маселелери боюнча ыйгарым укуктуу кызматкерлер менен натыйжалуу бирге аракеттешүүсүн камсыз кылуу | Дайыма | | Министрликтер жана ведомстволор |
| **3-глава. Коррупцияны болтурбоо/алдын-алуу. Административдик процедуралар, коомдук сектордогу отчеттуулук жана ачык-айкындуулук** | | | | | |
| 15 | Мамлекеттик сатып алуулардагы ачыктыкты камсыздоо | 1. Мамлекеттик сатып алуулар системасынын реформасын анын туруктуулугун, сатып алуулардын электрондук системасын гана пайдалануусуну, атаандаштыкты жогорулатууну, толук ачык-айкындыкка жана ачыктыкка жетишүүнү (ачык маалыматтар системасына толук өтүүнү) камсыз кылуу үчүн аягына чыгаруу.<br>2. Стандарттуу конкурстук документтерде товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу тууралуу келишимдердин стандарттык формаларын кайра карап чыгуу.<br>3. Мамлекеттик сатып алуу жол- | Декабрь, 2021-жыл<br>Июнь, 2020-жыл<br>Декабрь, 2020-жыл | Мамлекеттик сатып алууларды өткөрүүнүн эл аралык таанылган шарттарга жана стандарттарга ылайык келген стандарттуу тең салмакталган системасы түптөлдү.<br>Бардык маалыматтар (сатып алуулардын планы, документтерди ачуунун протоколдору, тендердик комиссиялардын чечимдери, контракттар, товарларды/ жумуштарды/ кызмат көрсөтүүлөрдү кабыл алуу-өткөрүп берүү актылары) ачык кирүү мүмкүнчүлүгү каралган форматта сатып алуулар порталына жайгаштырылат.<br>Даттануулардын жана нааразычылыктарды кароонун, алардын санын азайтуунун механизмдери жаңыланды. Алдын алуучу чараларды | ФМ<br>ФМ<br>ФМ |

| № | Милдеттер | Иш-чаралар/иш-аракеттер | Ишке ашыруу мөөнөтү | Күтүлүүчү натыйжалар/индикаторлор | Жооптуу аткаруучу/кошо аткаруучулар |
|---|---|---|---|---|---|
| | | жоболору боюнча даттанууларды жана арыздарды кароонун механизмдерин жаңыртуу | | киргизүүнүн эсебинен мамлекеттик сатып алуулар жаатында коррупциялык кылмыштын саны азайтылды | |
| 16 | Бизнестин тазалыгын камсыздоо | 1. Юридикалык жактардын бенефициардык менчик ээлери тууралуу маалыматтарды борборлоштуруп топтоону жана ведомстволук сайтка жарыялоону камсыз кылуу, мындай маалыматтарды тандалма түрдө, ведомостторду тапшырбоо же аларды туура эмес тапшыргандык үчүн санкцияларды колдонуу мүмкүнчүлүгү менен, дайыма иргеп текшерүүдөн өткөрүү.<br>2. Директорлор кеңешинин жана аудитордук комитетинин курамы тууралуу, ачык компаниялардагы комплаенс системалары тууралуу маалыматтарды ачыктоо боюнча талаптарды бекитүү.<br>3. Кыргыз Республикасында ISO 37001:2016 "Паракорчулук менен күрөшүүнүн менеджмент системасы. Пайдалануу боюнча талаптар жана көрсөтмө" эл аралык | Март, 2020-жыл<br>Сентябрь, 2019-жыл<br>Декабрь, 2019-жыл | Кыргыз Республикасынын аймагында иштеп жаткан юридикалык жактардын түпкү менчик ээлери тууралуу маалыматтарды ачыктоо жолу менен ачык-айкындык камсыздалды.<br>Жагымдуу инвестициялык чөйрө түзүлдү, инвестициялардын келиши көбөйдү. Жеке ишканалардагы директорлор кеңешинин жана аудиттик комитеттин курамы тууралуу, комплаенс системасы тууралуу маалыматтарды ачыктоо боюнча талаптар ишке киргизилди.<br>Бенефициар менчик ээлери боюнча маалыматтар ачыкталган юридикалык жактардын саны көбөйдү.<br>ISO 37001:2016 "Паракорчулук менен күрөшүүнүн менеджмент системасы. Пайдалануу боюнча талаптар жана көрсөтмө" эл аралык стандарты ишке киргизилди. Бизнес-омбудсмен иштеп жатат. Ак ниеттүүлүк жөнүндө хартияга кошулган мамлекеттик | ЮМ, ММБФ, Финчалгын<br>Финкөзөмөл<br>ЭМ |

| № | Милдеттер | Иш-чаралар/иш-аракеттер | Ишке ашыруу мөөнөтү | Күтүлүүчү натыйжалар/индикаторлор | Жоопту аткаруучу/кошо аткаруучулар |
|---|---|---|---|---|---|
| | | стандартын кабыл алуу. | | органдардын саны көбөйтүлдү. АРВнын жарыяланган жыйынтыктарынын саны көбөйдү. | |
| | | 4. ISO 37001:2016 "Паракорчулук менен күрөшүүнүн менеджмент системасы. Пайдалануу боюнча талаптар жана көрсөтмө" КМС улуттук стандартын киргизүү. | Декабрь, 2020-жыл | | Министрликтер жана ведомстволор |
| | | 5. Акцияларынын 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон мамлекеттик ишканаларды жана акционердик коомдорду ISO 37001:2016 коррупцияга каршы эл аралык стандарт боюнча сертификаттоо механизмин киргизүү. | Май, 2020-жыл | | ММБФ |
| | | 6. Бизнес-омбудсмен институтун түзүүнү камсыздоо. | Сентябрь, 2019-жыл | | ЭМ |
| | | 7. Ак ниеттүүлүк тууралуу хартиянын катышуучуларынын санын орчундуу көбөйтүү ("Кыргызстандын бизнеси коррупцияга каршы"). | Дайыма | | |
| | | 8. Кыргыз Республикасынын Экономика министрлигинин расмий сайтында жөнгө салуучу таасир этүүнүн жүргүзүлгөн талдоолорунун бардык жыйынтыктарын жарыялоо | Дайыма | | |

| № | Милдеттер | Иш-чаралар/иш-аракеттер | Ишке ашыруу мөөнөтү | Күтүлүүчү натыйжалар/индикаторлор | Жооптуу аткаруучу/кошо аткаруучулар |
|---|---|---|---|---|---|
